| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ТАМГА АЙЫЛ КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ТАМГИНСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

# ТОКТОМ

2024-жылдын «19» январы № 5 Тамга айылы

## Тамга, Тосор айылдарындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мекемелериндеги тарбиялануучу балдарга ай сайын төлөнүүчү акылар жөнүндө

Тамга айыл аймагындагы Тамга айылындагы «Байчечекей», Тосор айылындагы “Бугу-Эне” мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мекемесиндеги тарбиялануучу балдардан ар бир айда ата-энелердин эсебинен төлөнүүчү төлөмдү көбөйтүп берүү тууралуу жетекчилер М.Мамбеталиеванын жана А.Молдогазиеванын оозеки кайрылууларын айылдык кеңештин депутаттары карап, талкуулап чыгып Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги I- сессиясы **токтом кылат:**

1. Учурда тамак-аш азык түлүктөрүнүн баасы кескин өсүп жаткандыгына байланыштуу, Тамга айыл аймагындагы «Байчечекей», «Бугу-Эне» мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мекемелериндеги тарбиялануучу балдардан ар бир айда ата-энелердин эсебинен төлөнүүчү 750 (жети жүз элүү) сом акча каражаты 1000 (бир миң) сомго көтөрүлүп, бекитилип берилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоону Тамга айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.Баямановго жана көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин алдындагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Букаров**

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Тамга а/ө -1, райондук финансалык башкармалыгына -1, юстиция башкармалыгына – 2;